КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИЛИМ,
ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА
ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ
МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК
УНИВЕРСИТЕТИНИН

КАРА-КӨЛ ШААРЫНДАГЫ ФИЛИАЛЫНЫН

# 2025-2030-ЖЫЛДАРДАГЫ ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

**Кара-Көл шаары-2025**

| | |
|---|---|
| | И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ |
| | КАРА-КӨЛ ШААРЫНДАГЫ ФИЛИАЛЫ |

И. Раззаков ат. КМТУнун
Кара-Көл ш. Филиалынын Окумуштуулар
кеңешинин отрумунда каралып,
2025 ж. «27» 10 № 2
протоколу менен
**«Жактырылды»**

И. Раззаков ат. КМТУнун
Кара- Көл ш. филиалынын
директору х.и.к., доцент
Өзүбекова Р.А. ____________
«[illegible]» [illegible] 2025ж.
**«Бекитемин»**

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ
МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН

КАРА-КӨЛ ШААРЫНДАГЫ ФИЛИАЛЫНЫН

# 2025-2030-ЖЫЛДАРДАГЫ
# ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

**Кара-Көл шаары-2025**

# Өзгөрүүлөр киргизилген барак

| **№** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүк** | **Филиалдын Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана датасы** |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

**Мазмуну**


1. Максаттарды коюунун негиздери________________________________

2.Өнүгүүнун үчурдагы тенденцияларын талдоо жана  баалоо_________

3. Мүмкүн болгон тобокелдиктер__________________________________

4. Өнүгүүнун моделин тандоо_____________________________________

5. Филиалдын миссиясы жана келечеги_____________________________

6. Өнүгүүнун приоритеттүү багыттары______________________________

7. Стратегиияны ишке ашыруунун механизмдери____________________

## 1. Максат коюунун негиздери

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кара-Көл шаарындагы филиалынын 2025-2030- жылдарда өнүгүү стратегиясы КМТУнун 2023-2028 - жылдардагы өнүгүү стратегиясына ылайык иштелип чыкты. Филиалдын билим берүүчүлүк саясатын ишке ашыруу жана камсыз кылуу максатында түзүлүп жана ал Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-ж. 31-октябрындагы УП № 221 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдардын аралыгында туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен кабыл алынган 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнүн өнүгүү стратегиясына дал келет жана ошондой эле КР Президентинин 2022-ж. 18-июлундагы УП № 243 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Университетти кайра түзүү тууралуу 2022-жылдын 30-декабрындагы № 02-2/ катын эске алуу менен жаңыртылган.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети «2019-2023-ж.ж. санариптешкен Кыргызстан» санариптик трансформациялоо концепциясында аныкталган артыкчылыктарды, максаттарды жана милдеттерди толук түрдө бөлүшөт жана өз Стратегиясынын негизинде аларды ишке ашырууга кадамдарды коет. Филиал ишмердиктин бардык жактарында системдүү жана жалпы сапаттуулукка жетишүүгө, кызыккан тараптар менен өнөктөштүктү өнүктүрүүгө, билим берүүдө жана илимде дүйнөлүк тенденцияларга теңелүү үчүн шарттарды түзүүгө, билим берүүчүлүк, илимий жана инновациялык ишмердиктерди интеграциялоого багытталган университеттин стратегиялык пландарын ишке ашырат.

И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл ш. филиалы өз ишмердигинде жаштарга жана студенттерге алардын жогорку моралдык эрежелерди, салттарды, коомдук баалуулуктарды, жакшы жашоонун үлгүсүн өздөштүрүүсү аркылуу тарбия берүүгө жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-ж. 29-январындагы «Инсандын рухий-нравалык жактан өнүгүүсү жана дене тарбиясы тууралуу» Жарлыгынын концепциясын, 369-жарлыгындагы Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолунун негизги багыттарын ишке ашыруу үчүн иш алып барат.

## 2. Өнүгүүнүн үчурдагы тенденцияларын талдоо жана баалоо

И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалы 1963-жылы “Нарынгидроэнергострой” ишканасынын астында Токтогул ГЭСин кадрлар менен камсыздоо үчүн Фрунзе политехникалык институтунун жалпы техникалык кечки факультети болуп ачылган. Бүгүнкү күндө филиалда эки бөлүмдө билим берүү ишке ашырылат.

Жогорку кесиптик билим берүү бөлүмүнүн *даярдоо багыттары жана адистиктери*

640200 «Электроэнергетика жана электротехника» (бакалавр)

1. «Электр чордондору» профили
2. «Электр менен жабдуу» (тармактар боюнча) профили
3. «Электр энергия системаларын релелик коргоо жана автоматташтыруу» профили
4. «Электр тармактары жана системалары» профили

750500 «Курулуш» (бакалавр)

1. «Суу-техникалык курулуш» профили
2. «Экспертиза жана мүлктү башкаруу» профили

670300 «Транспорт процессинин технологиясы» (бакалавр)

1. «Жол кыймылынын коопсуздугун уюштуруу» профили

550200 «Физика- математикалык билими» (бакалавр)

1. «Физика» профили «Математика» профили

"Бакалавр" академиялык даражасын берүү менен тастыкталган НББПнын ЖКББ базасында өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү – 4 жыл, дистанттык окутууда -5 жыл.

Филиалдын орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн даярдоо багыттары жана адистиктери

- 140212 Электр менен жабдуу (тармактар боюнча);
- 140206 Электр станциялары, тармактары жана системалары
- 190701 Унаада жүк ташуу жана башкарууну уюштуруу;
- 270104 Суу-техникалык курулуш;
- 220206 Маалыматты иштетүүнүн автоматташтырылган системалары жана башкаруу;
- 080110 Бухгалтердик эсеп жана башкаруу эсеби;
- 230110 Эсептөөчү техникаларды жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө;
- 230111 Компьютердик тармактарды программалаштыруу;
- 260903 Тигүүчү буюмдарды моделдөө жана конструкциялоо
- 050709 STEM билим берүүнү колдонуу менен башталгыч класстарда окутуу.

9-класстын базасында техниктерди даярдоонун нормативдик мөөнөтү 2 жыл 10 ай, 11-класстын базасында «техник» квалификациясын алуу менен 1 жыл 10 ай.

И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалында Токтогул ГЭСтер каскады жана «Нарынгидроэнергокурулуш» ААКы менен тыгыз кызматташуунун аркасында кубаттуу окуу-лабораториялык база түзүлүп, анда 4 окуу корпусу, анын ичинен 29 лаборатория, 20 окуу кабинети, 1 илимий лаборатория, 3лекциялык зал, 3 компьютердик класс, китепкана жана окуу залы бар. Өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практикаларды өткөрүү үчүн ТГЭС каскады, «Нарынгидроэнергокурулуш» ААК, ЖПВЭС, «Жалалабатэлектро» ААКы жана «Электр станциялары» ААКнын филиалы Камбар-Ата ГЭСтери менен келишимдер түзүлгөн.

Учурда филиалда 280ге жакын бакалавр жана техниктер, педагогтор билим алууда. Облустагы популярдуу адистиктерге багытталган педагогика жана табигый-техникалык багыттарда жаңы заманбап адистиктерди ачуу жана ал адистиктерди даярдоо үчүн материалдык техникалык базаны чыңдоо, профессордук-окутуучулук курамдын сапатын жогорулатуу өнүгүүнүн стратегиялык негизги багыттары катары кирет.

Филиалдын каржылык байлыктары билим берүү кызматтарынын эсебинен түзүлөт. Билим берүүнүн татыктуу шарттарын камсыз кылуу үчүн ОКБ жана ЖКБ адистерин даярдоо акысына тарифтерди жогорулатуу талап кылынат. Студенттердин санын көбөйтүүдө окуу корпустарын жаңылоо, спорт зал, жатакана маселери приоритеттүү болуп турат.

И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалынын өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууда сырттан айтылган коомчулуктун сунуштары, пикирлери эске алынды. Алар:

-шаарыбыздагы жалгыз жогорку окуу жайдын башкы окуу корпусун заман талабына ылайык капиталдык ремонттон өткөрүү;

- Жатакана, спорт залы камтылган жаңы окуу корпусун салуу;

-билим берүүну инновациялоо жана санариптештирүү;

- кызмат берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык жаңы адистиктерди даярдоого мүмкүндук түзүү;

-кызматташуулардын горизонттун кеңейтүү;

- көп тилдүү билим берүүнү ишке ашыруу, чет элдик студенттерди тартуу;

- инвестицияларды тартуу.

## 3.Мүмкүн болуучу тобокелдиктер

**Экономикалык факторлор:** жумуш орундарынын жетишсиздиги, өндүрүш тараптан билим берүүнү колдоонун жоктугу, инфляция, окутуучулардын айлык маянасынын аздыгы, калктын калың катмарынын финансылык абалы.

**Саясий факторлор**: билим берүүдөгү туруктуу системанын жоктугу, жетекчилердин алмашуулары, ишке орношуудагы жемкорчулук, айлык акынын төмөндүгү.

**Социалдык факторлор:** мектеп базасында окуучулардын билим деңгээлинин төмөндүгү, жакырчылыктын өсүүсү, эмгек миграциясы, билимдүүлүктүн төмөндүгү, билим берүүнүн начар каржыланышы, кадр даярдоонун сапатынын төмөндүгү, студенттерде узак мөөнөттүү билим алууга кызыгуунун жоктугу, билим берүүнүн дүйнөлүк өнүгүү тездигинен артта калуусу.

**Технологиялык факторлор**: маалымат коопсуздугунун жоктугу, маалыматтык коммуникациялык технологиялардын жетишсиздиги.

И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалы университетибиздин өнүгүү моделинин негизинде иш алып барат.

**Филиалдын миссиясы:–** жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо.

**Филиалдын келечекке карай максаты** – жогорку жана орто билимдүү квалификациялуу адистерди даярдоочу инновациялык окуу жайга трансформациялоо.

**Стратегиялык максат** – энергетикалык жана инновациялык экономика үчүн фундаменталдык билим берүү жана жогорку квалификациялуу адистер менен камсыз кылуу аркылуу Кыргызстандын улуттук өнүгүү максаттарына салым кошуу, энергетиктерди, гидрокуруучуларды даярдоодо лидерликти камсыз кылуу.

## ӨНҮГҮҮНҮН ПРИОРИТЕТТҮҮ БАГЫТТАРЫ

### 1. Сапаттуу билим берүү программасы

| Стратегиялык милдеттер | Иш-аракеттер | мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|
| Билим берүүнүн сапаты азыркы учурда анын социалдык эффективдүү-лүгүн шарттоочу факторлорго ылайык иш алып баруу | ишмердиктин бул же тигил чөйрөсүндөгү руханий маданияттын жана тажрыйбанын мыкты жетишкендиктерин камтыган билим берүү мазмунун камсыздоо | 2025-2030 | Директор,<br>Окуу иштери боюнча жетектөчү адистер |
| | Окутуучу кызматкерлердин жогорку кесиптик чеберчилиги жогорулатуу | 2025-2030 | Директор, кадрлар бөлүмү |
| | жаңы педагогикалык технологиялар жана аларга ылайык келүүчү | 2025-2030 | Адинистрация |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | материалдык-техникалык жабдуулар менен камсыздоо | | |
| | Жаштардын билим алууга болгон муктаждыгынын толуктугун камсыздоо | 2025-2030 | Директор, окутуучулар |
| Регионалдык өзгөчөлүктүү жана социалдык-маданий өнүктүрүүнү эске алуу менен кадрдык жетишсиздикти жоюу максатына талап кылынган адистерди даярдоону күчөтүү | Суроо-талаптуу адистерди даярдоонун жана кайра даярдоо программасын иштеп чыгуу | 2025-2030 | Окуу иштери боюча жетектөөчү адистер |
| | Алдынкы ири окуу жайлар менен кызматашуунун планын түзүү | 2025-2030 | Директор, кадрлар бөлүмү |
| Практикага багытталган окутууну уюштуруу | Өндүрүштүк ишканалардын жана уюмдардын базасында лабораториялардын, кафедралардын филиалын түзүү | 2025-2030 | Окуу иштери боюча жетектөөчү адистер |
| | Дуалдык окутууну колдонуу | 2025-2030 | Директор, Окуу иштери боюча жетектөөчу адистер |
| Туруктуу өнүгүү, жашыл экономика принциптерин, билим берүүну гумандаштыруунун элеметтерин окуу программаларына киргизүү | Дисциплиналар боюнча жумушчу программалардын мазмунунда аталган принциптерди чагылдыруу | 2025-2027 | ОУК, Окутуучулар |
| Адистиктерге ылайык өндүрүштүн алдыңкы ишканалары менен өндүрүштүк базаны түзүү | Эл аралык жана ата мекендик ишканалар менен кызматташуу | 2025-2030 | Директор, жетектөочү адистер |
| Билим берүүну эмгек рыногунун артыкчалыктарына жана квалификация системасына ылайык актуалдаштыруу | Иш берүүчү тараптар менен пикир алмашуу, тажрыйба алмашуу системасын өнүктүрүү | | Директор, жетектөочү адистер |
| | ББП аккредитациялоо | 2026, 2030 | Директор, жетектөочү адистер |
| Мектептик, орто кесиптик билим берүү уюмдарында билим берүүнү жакшыртууга салым кошуу | Аймактык мектептер менен иштешүүнүн програмасын түзүү | 2026-2028 | Директор, жетектөочү адистер |
| | Лицей, коллеждер менен кызматташуу | 2025-2030 | Директор, жетектөочү адистер |
| | Филиалдын ОКБнүн уюштуруу-башкаруу структурасын өркүндөтүү | 2026-2027 | Директор, жетектөочү адистер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Көп тилдүү билим берүү программасын ишке ашыруу | Кыргыз тилинде ОМК, усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу | 2025-2027 | Окуу бөлүмү, окутуучулар, ОУК |
| | Кыргыз тилинде окуу дисциплиналарын көбөйтүү | 2025-2028 | Окутуучулар |
| | Чет тилинде билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн тилди үйрөнүүнү өркүндөтүү | 2025-2030 | Окуу бөлүмү, окутуучулар, ОУК |

## 2. Илим жана инновация

| **Стратегиялык милдеттер** | **Иш-аракеттер** | мөөнөтү | **Жооптуу аткаруучулар** |
|---|---|---|---|
| Филиалда илимий иштердин уюштурушун жөнгө салуу | Окутуучулардын илимий иштерге тартылуусун уюштуруу | 2025-2030 | Директор, илимий иштер боюнча жоопту адис. окутуучулар, |
| | Студенттерди илим изилдөө иштерине тартуу жана жетекчиликти уюштуруу | 2025-2030 | |
| | Кызматкерлердин, студент-тердин респуликалык, эл аралык илимий конферен-цияларга катышуусун камсыз кылуу | 2025-2030 | |
| | Университеттин алдынкы илим жана инновация программасын ишке ашырууга активдүү катышуу | 2025-2028 | |

## 3. Кадр ресурстарын чыңдоо

| **Стратегиялык милдеттер** | **Иш-аракеттер** | мөөнөтү | **Жооптуу аткаруучулар** |
|---|---|---|---|
| Кадрлардын курамын тынымсыз өнүктүрүү | Билим берүүнү өнүктүрүү максатында жогорку квалификациялуу, илимий даражалуу окутуучуларды тартуу | 2025-2030 | Директор<br>Кадр бөлүмүнүн адистери, экономист |
| | Билим берүү максатында практиктерди кызматка чакыруу | 2025-2030 | |
| | Окутуучулардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу | 2025-2030 | |
| | Талантууларды кызматка тартуу | 2025-2030 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кадрдык резервди түзүү | Жаштар арасында окутуучулардын, кызматкерлердин жана жетекчиликтин кадрдык резервин камсыз кылуу. | 2025-2030 | |
| Кызматкерлердин ишмердигин материалдык жана моралдык жактан колдоо системасын камсыз кылуу | Эмгек акыны көтөрүү, шыктандыруучу кошумча төлөмдөрдү берүү | 2025-2030 | |

### 4. Кызматашууларды жайылтуу

| **Стратегиялык милдеттер** | **Иш-аракеттер** | **мөөнөтү** | **Жооптуу аткаруучулар** |
|---|---|---|---|
| Академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү | КМТУнун биргелешкен окуу программалары боюнча филиалдын студенттерин Бишкек шаарында жана чет өлкөдө окуусуна шарт түзүү | 2025-2030 | Директор, жетектөөчү адистер |
| | КМТУнун окутуучуларын академиялык программанын негизинде филиалда лекцияларды өтүүсүн камсыз кылуу | 2025-2030 | Директор, жетектөөчү адистер |
| Башка окуу жайлар менен кызматташууларды өнүктүрүү | Ата Мекендик окуу жайлар, чет элдик окуу жайлар менен кызматташуулардын планын иштеп чыгуу жана иш жүргүзүү | 2025-2030 | Директор, жетектөөчү адистер |
| Эл аралык көп түрдүүлүктү ишке ашыруу | Ар улуттагы чет элдик студенттерди кабыл алууга жана билим берүүгө ыңгайлуу шарт түзүү | 2025-2030 | Директор, жетектөөчү адистер |

### 5. Филиалдын инфраструктурасын, коопсуз жана натыйжалуу окутуу чөйрөсүн онүктүрүү

| **Стратегиялык милдеттер** | **Иш-аракеттер** | **мөөнөтү** | **Жооптуу аткаруучулар** |
|---|---|---|---|
| Санариптик инфраструктураны түзүү | Студенттерди тейлөө борборун түзүү | 2025-2028 | Директор, жетектөөчү адистер |
| | Видеокөзөмөлдөрдү орнотуу аудиторияларды, сырткы аянтчаларды көзөмөлдөө | 2026-2027 | комендант |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Филиалдын материалдык техникалык базасын модеринизациялоо | Башкы окуу корпусун этап-этабы менен ремонтто | 2025-2028 | Директор, комендант |
| | Айнектерди алмаштыруу | 2025-2028 | Директор, комендант |
| | Окуу аудиторияларын жаңылоо | 2025-2027 | Директор, комендант |
| | Жаны окуу корпусун жана жатакана куруу долбоорунун иштеп чыгуу, инвестиция тартуу | 2026-2030 | Директор, комендант |
| | Китепкананы жаңылоо жана санариптештирүү | 2025-2027 | Директор, комендант, китепканачы |
| | Компьютердик класстарды жаңылоо, МКТларды сатып алуу | 2025-2030 | Директор, комендант, инженер-программист |
| Студенттерге жана кызматкерлерге социалдык колдоо көрсөтүүлөр | Кесиптик кошундун ишин жандандыруу | 2025-2026 | Профком, кадр бөлүмү |
| | Студенттик ашкананы ремонттоо жана ишке киргизүү | 2025 | комендант |
| | Филиалдын территориясында окуудан тышкаркы иш чаралар, кружоктор үчүн аянтчаларды түзүү | 2025-2030 | Директор комендант |
| | Студенттердин, кызматкерлердин эс алуусун уюштуруу | 2025-2030 | Профком, организатор |
| | Кызматтык квартиралардын абалын жакшыртуу, терезе, эшиктерин алмаштыруу | 2026-2028 | Директор комендант |
| Филиалдын финансылык туруктуулугун камсыздоо | Филиалдын кирешесин жогорулатуу | Жыл сайын | Бухгалтер экономист |
| | Эмгек акыны жогорулатуу | Жыл сайын | Бухгалтер экономист |
| | Бухгалтериялык эсептөөлөрдү автоматташтыруу | 2025-2026 | Бухгалтер Инженер-программист |

## 7. Санариптештирүү

| **Стратегиялык милдеттер** | **Иш-аракеттер** | **мөөнөтү** | **Жооптуу аткаруучулар** |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| Электрондук документ жүргүзүү системасын киргизүү | Автоматташтырылган маалыматтык системасынын ишин алга жылдыруу | 2025-2030 | Директор, кадр бөлүмү, окуу бөлүмдөрү |
| | “INFODOCS” системасын ишке киргизүү | 2025-2026 | |
| | Корпоративдик почта менен иштөөнү ишке ашыруу | 2026-2027 | |
| Санариптик билим берүү ресурстарын өнүктүрүү | КМТУнун электрондук ресурстарынын жана сырткы электрондук базаларынын филиалдын кызматкерлерине, студенттерине жеткиликтүү болушун камсыздоо | 2026-2030 | Директор<br>Инженер-программист |

## 8. Социалдык жана өнүктүрүү чөйрөсү

| Стратегиялык милдеттер | Иш-аракеттер | мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|
| Филиалдын коомдук - тарбиялык ишмердигин өркүндөтүү | Студенттерге спорттук, интеллектуалдык, көркөм чыгармачылык ийримдерди уюштуруу | 2025-2030 | Директор, жетектөөчү адистер, организатор |
| | 65 жылдык юбилейди Эл аралык масштабда өткөрүү | 2028, октябрь | Директор, организатор, жалпы жаамат |
| Жаштарды жарандык активдүүлүккө, патриоттуулукка тарбиялоо | Студенттердин шаардык, областык, республикалык иш-чараларга катышуусун уюштуруу | 2025-2030 | Директор, жетектөөчү адистер, организатор |
| | Жаштар уюмдары тарабынан уюштурулган форум, конференцияларга активдүү катыштыруу | 2025-2030 | Директор, жетектөөчү адистер, организатор |
| | Коомдоогу көрүнүктүү инсандар менен жолугуушуларды, мастер-класстарды өткөрүү | 2025-2030 | Директор, жетектөөчү адистер, организатор |
| | Студенттик кеңештин ишин жакшыртуу жана Студкеңештин ролун күчөтүү | 2025-2030 | Организатор, студкеңештин төрагасы |
| Моралдык-психологиялык климаттын жана студенттик чөйрөнүн абалына системалуу мониторинг жүргүзүү | Студенттер арасында анонимдүү сурамжылоо-лорду уюштуруу жана өткөрүү, студенттер менен жекече баарлашуу | 2025-2030, жыл ичинде эки жолу | Организатор, кураторлор |